| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл, 26-июнь, №2** **Боо-Терек айылы.**

**Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышынын депутаттардын XXIII сессиясында бекитилген №3 токтомунда каралган акча каражаттан беренеден беренеге жылдырууга толуктоо киргизүү жөнүндө**

2023-жылдын 22-мартындагы №3 токтомунда каралган акча каражаттан беренеден беренеге жылдырууга. толуктоо киргизүү жөнүндөгү маселени карап чыгып талкуулап Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы XXVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айыл өкмөттүн каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкулованын аталган маселе боюнча билдирүүсү эске алынсын.
2. Бекитилген сметага турак жай жана коммуналдык бөлүмүнөн 2215 (дагы башка корсөтүүнү алуу) беренесинен 35000 (отуз беш миң) сом акча каражатын 2222 (жабдуулар жана материал сатып алуу) беренесине жылдырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы КЭБ башчысы Р.Дуйшенкуловага жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана финансы туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Мамыралиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл, 26-июнь, №3** **Боо-Терек айылы.**

**"Боо-Терек айыл аймагынын 2024-2025-2026-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорун кароо" жөнүндө**

Боо-Терек айыл аймагынын 2024-2025-2026-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорун карап чыгып, талкуулап Боо-Терек айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кенешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айыл аймагынын 2024-2025-2026-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоору жактырылсын.
2. Долбоордогу 2024-жылга карата киреше бөлүгү 13147.1 миң сом ал эми чыгаша бөлүгү 13147.1 миң сом деп белгиленсин.
3. Долбоордогу 2025-жылга карата киреше бөлүгү 14769.4 миң сом ал эми чыгаша бөлүгү 14769.4 миң сом деп белгиленсин.
4. Долбоордогу 2026-жылга карата киреше бөлүгү 15579.5 миң сом ал эми чыгаша бөлүгү 15579,5 миң сом деп белгиленсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Буланбековго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Мамыралиев А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл, 26-июнь, №4** **Боо-Терек айылы.**

**Боо-Терек айылындагы Давлетов Нүкөн атындагы көчөсүндөгү жер тилкелерин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу жөнүндө.**

Боо-Терек айылындагы Давлетов Нүкөн атындагы көчөсүндөгү жер тилкелерин. айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу максатында. 2023-жылдын 2-июнундагы Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXV сессиясындагы. көчөлөрдү жана жер тилкелерди муниципалдык менчикке алуу жөнүндөгү протоколдук чечимин жетекчиликке алып. Боо-Терек айылдык Кеңешинин депутаттардын XXVI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Айыл өкмөтүнүн башчысы. Боо-Терек айылындагы Давлетов Нүкөн атындагы көчөсүндөгү жер тилкелерин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу үчүн. Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына кайрылып мамлекеттик АКТысын жасатып бүтүрсүн.

2. Айыл өкмөтүнүн каржы экономикалык бөлүмүнүн башчысы. айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына акча каражатын которуу жагын камсыздасын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл окмотүнүн башчысына жана айыл өкмөтүнүн жер. турак-жай. коммуналдык маселелер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектоочү адисине милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын "Жер. айыл чарбасы. мыйзамдуулукту. укук тартибин сактоо. жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо. архитектура. курулуш. транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**